# А.Түмөнбаев атындагы Чок-Тал орто мектебинин 2018-2019-окуу жылынын билим сапатынын I чейрекке карата мониторинг-анализи.




**2018-2019-окуу жылы**

***А.Тумонбаев атындагы Чок-Тал орто мектебинин***
***2018-2019-окуу жылынын I чейрек боюнча жургузулгон иштеринин анализи.***

## I Кадрлар менен иштөө

Окуучуларга билим, тарбия берүүдө 27/3 мугалим эмгектенүүдө. Алардын ичинен 10/2 мугалим «эл агартуунун» отличниги наамына ээ. Быйылкы окуу жылында 15-класс-комплект бар. Анын 7си – башталгыч, 7-ортоңку баскыч, 1-жогорку баскыч. Окуу II сменада өтүлөт. 5а,5б,,6а,6б,7,8,9,10-класстар I сменада, 1а,б, 2а,б,3а,б,4-класстар II сменада окушат.

Август учету убагында алынып, сентябрдын башында эле комплектование жүрүп, ар бир предметтик мугалимдердин сааттык жүктөмү белгиленип, тарификациядан бардык иштеп жаткан мугалимдер өткөн. Мектепте 3 кружок иштейт: спорттук оюндар жана ыр-хор, жашыл-аптека боюнча кружогу.

2018-жылдын 24-августунда болуп өткөн №1 педсоветте мектептин 2018-2019-окуу жылындагы иш планы бекитилген.

Пед.советтин планы да айларга бөлүштүрүлүп, бекитлип, өз убагында пландаштырылган темалар боюнча өтүлүп турат. Каникул убагындагы иш-чаралардын планы да иштелип чыгып, кабыл алынып, өз убагында ишке ашууда. Күнүгө спорттук оюндардын түрү боюнча оюндар ойнолуп, ыр-хор боюнча кружоктор иштеп жатат.

Директор алдындагы кеңешмеде пландаштырылган маселелер да убагында каралып турду.

Мектепте кабинеттерди, усулкананы, фойени жабдуу сыяктуу чарбалык иштердин баары жогорку деңгээлде өттү. Өрт коопсуздугу, техникалык коопсуздук, жолдо жүрүүнүн эрежелери боюнча инструкциялар өтүлүп, щиттер жасалып, эвакуация пландары илинди. Ошондой эле ашкана, китепкана жабдылып, окуу залы уюштурулду. Ашканада балдардын тамактануусу уюштурулуп, 160 бала тамактанып турат.


Мугалимдердин квалификациясын көтөрүү планы да убагында каралып, мөөнөтү жеткен мугалимдер курстарга жиберилди.

## II Окуу процессинин анализи

2018-19-окуу жылында 19/15 отличник, 72/44 ударник, «3» «кө окуган окуучулардын саны 170/73 ана жетишпеген окуучулардын саны 2/0 болуп билим сапаты 34 пайызды түзгөн ал эми 2015-2016- окуу жылында А.Тумонбаев атындагы Чок-Тал орто мектебинин билим сапаты бул чейректе 35 пайызды түздү. Мектепте отличниктердин саны 12/11, ударниктердин саны 55/34, »3,4» ко окугандар 152/65, «2»ге окугандар 8/0**.** Демек жаңы окуу жылында окуучулардын каникулдан кийин сабакка даярдыгы күч болуп мектептин билим сапаты быйылкы окуу жылында 1 пайызга жогорулаган.

***А.Тумонбаев атындагы Чок-Тал орто мектебинин***
***2018-2019-окуу жылындагы жылдык отчет боюнча жана I чейрекке карата***
***отличник, ударник, «3», «4»ко окуган, «2» чыккан***
***окуучуларынын динамикалык салыштырмалуу корсоткучу.***

**2018-2019-окуу жылы**




Окуучулардын сабакка катышуусу, жетишүүсү көзөмөлгө алынган. Кечиккен окуучулардын дагы учету алынат.

А.Түмөнбаев атындагы Чок-Тал орто мектебинде бардыгы 15 класс – комплект болуп, I чейрек ичинде 331/154 окуучу окуду.

**1а-класстын класс жетекчиси Мусаева Калыйман**

Класста бардыгы 23/12 окуучу окууду. Окуучулардын сабакка катышуусу чейрек ичинде 98 пайызды түздү.

**1б-класстын класс жетекчиси Ташкеева Кымбат**

Класста 21/10 окуучу окуп, чейрек ичинде сабакка катышуусу 97,2 пайызды көрсөттү.

**2-класстын класс жетекчиси Айбашева Чынара**

Класста бардыгы 26/9 окуучу окуп. Сабакка катышуусу 97 пайызды түздү.

**3а-класстын класс жетекчиси Абдылдаева Асель**

Класста бардыгы 18/9 окуучу окуп, алардын 2/2 отличник, 4/3 ударник, 13/4 «3», «4» кө окугандар болуп, билим сапаты 24 пайызды түздү. Сабакка катышуусу 97 пайыз болсо, 100 пайыз жетишүүсү болду.

**3б-класстын класс жетекчиси Давлетова Майрам**

Класста бардыгы 20/6 окуучу окуп, анын 7/3 ударник, 13/3 орто окугандар болуп, билим сапаты 28 пайыз болду. Сабакка катышуусу 99 пайыз болуп, жетишүүсү 100 пайыз болду.

**4а-класстын класс жетекчиси Джаманкулова Салиха**

Класста бардыгы чейрек башында 25/12 окуучу болуп,  анын ичинен 1/1 отличник, 9/7 ударник, 15/5 орто окугандар болуп, билим сапаты 30 пайызды түздү.

Ал эми **4б-класстын класс жетекчиси Абдыраимова Чынара**

Класста бардыгы 25/13 окуучу окуп, алардын 2/2 отличник, 6/3 ударник, 17/8 орто окугандар болуп билим сапаты 32 пайыз болду. Сабакка катышуусу 95 пайыз болуп, жетишүүсү 100 пайызды түздү.

**5а-класстын класс жетекчиси Усенбаева Бактыгүл.**

Класста 19/8 окуучу окуду. Алардын 1/1отличник, 3/2 ударник, 15/8 орто окугандар, болуп билим сапаты 21 пайызды түздү.

**5б-класстын класс жетекчиси Бакашева Чолпон.**

Класста бардыгы чейрек башында  19/10 окуучу болуп, чейрек аягында 17/10 окуучу окуду. Алардын 2/2 отличник, 3/2 ударник, 12/6 орто окугандар болуп, билим сапаты 20 пайызды түздү.Сабакка катышуусу 96 пайыз болуп, жетишүүсү 100 пайыз болду.

**6а-класстын класс жетекчиси Жамгырчиева Гүлмира**

6а-класста  чейрек башында 19/6 окуучу болду. Алардын 1/1 отличник, 5/3 ударник, 13/2 орто окугандар болуп билим сапаты 24 пайыз болду. Сабакка катышуусу 96 пайыз, жетишүүсү 100 пайызды түздү.

**6б-класстын класс жетекчиси Алымбаева Светлана**

6б-класста бардыгы чейрек башында 19/8 окуучу окуса, чейрек аягында 18/7 окуучу окуду. Алардын 1/0 отличник, 5/3 ударник, 12/4 орто окугандар болуп билим сапаты24 пайызды түздү. Сабакка катышуусу 97 пайыз болсо, жетишүүсү 100 пайызды түздү.

**7-класстын класс жетекчиси Кожокеева Кыял.**

Класста бардыгы 24/13 окуучу окуп алардын 1/1 отличник, 2/2 ударник, 7/4 орто окугандар болуп, билим сапаты 27 пайыз болду. Сабакка катышуусу 99 пайыз болуп, жетишүүсү 100 пайызды түздү.

**8-класстын класс жетекчиси Абдыраимов Урмат.**

Класста бардыгы  27/14 окуучу окуп, алардын 4/4 ударник, 23/10 орто окуган окуучу болуп билим сапаты 16 пайызды түзгөн.

**9-класстын класс жетекчиси Касмалиева Салтанат.**


Класста 27/11 окуучу окуп, алардын 3/3 ударник, 18/6 орто окугандар жана 6/2 жетишпеген окуучулар болуп билим сапаты 12 пайызды түздү. Сабакка катышуусу 95 пайыз ал эми жетишүүсү 78 пайыз болду.

**10-класстын класс жетекчиси Иманалиева Динара**

Класста бардыгы  22/14 окуучу окушуп, 1/1 отличник, 4/4 ударник, 15/7  орто окугандар жана 2/0 жетишпеген окуучулар болуп, билим сапаты 22 пайыз болду. 99 пайыз катышуусу болсо, 98 пайыз жетишүүсү болду.

Жалпы мектептин билим сапаты 23 пайыз болуп, катышуусу 97, жетишүүсү 98 пайызды түздү.

***А.Түмөнбаев атындагы Чок-Тал орто мектебинин  класстар боюнча I чейрекке карата  билим сапатынын мониторинги***




Мектепте предметтер боюнча 5 методикалык бирикме түзүлгөн, алар:
№1 бирикме гуманитардык тил илимдер усулдук бирикмеси,
№2 бирикме так илимдер усулдук бирикмеси,
№3 бирикме эстетикалык илимдер усулдук бирикмеси,
№4 бирикме башталгыч класстар боюнча усулдук бирикме,
№5 Класс жетекчилер усулдук бирикмеси

№ **1-бирикмеде** кыргыз,орус,англис тили боюнча Мында 9 мугалим окуучуларга оз билимин, чыгармачылыгын тартуулап келишет.

М: **Султаналиева Элмира кыргыз тил мугалими**

5-б классынын кыргыз тили сабагы боюнча анализи

Мугалим:Султаналиева Элмира Садырбековна

5-б классынын билим сапаты 36% болду. Былтыркы жылкыга салыштырмалуу 9% билим сапаты жогору,себеби бул класска эң жакшы баага окуган окуучу келгендиктен деп түшүндүрөм.Окуучулар 1-чейректе сөз айкашындагы байланышуу жолдорун,сүйлөм мүчөсүнө талдоо иштерин жүргүзүүнү орто деңгээлде өздөштүрүштү.Тексттерди жазуу иштерин жакшы аткарганга жетишишти.Класс берилген тапшырманы жакшы аткарып турду.

**Милдеттеме:**Кийинки чейректерде окуучулардын сабаттуулугун арттырууга,сүйлөм мүчөсүнө талдоо иштерин жүргүзүүгө басым жасап,өз алдынча иштөө ишмердүүлүгүн арттырууга жетишем.

5-б классынын кыргыз адабияты сабагы боюнча анализи

5-б классынын 1-чейректе адабият сабагынан билим сапаты 33% болду.Окуучулардын окуп түшүүнүү ишмердүүлүгү орто.Өз алдынча окуп тушүнүүдөн кыйналышат.Айрым окуучулар шар окуй алышпайт ,ошондой болсо да,элдик жомокторду кызыгуу менен өздөштүрүштү.

**Милдеттеме:**Бул класстын окуучулары менен окуп түшүнүү ишмердүүлүгүн арттыруу иштерин күчөтүүнү 2-чейректе баштоо зарыл.Көркөм ыр жаттоону калыптандырам.

7 - классынын кыргыз тили сабагы боюнча анализи

Мугалим:Султаналиева Элмира Садырбековна

1-чейректе билим сапаты 42% болду.Текст түзүүнү ,сүйлөм мүчөсү боюнча талдоону жакшы бааларга өздөштүрүштү.Тактоочтордун сөз түркүм катары мүнөздөмөс үн

билишти.Угуп жазуу иштерин көпчүлүк окуучулар сабаттуу жазышат.Окуучулардын сабакка кызыгуусу жакшы.Былтыркы жылкыга караганда билим сапаты 9% өстү ,себеби Салбарова Адинайдын бул жылы сабакка кызыгуусу жакшы болгондуктан чейреги төрт чыккан.

Милдеттеме :Бул класстын окуучулары менен сүйлөм мүчөсү боюнча талдоо иштерин, морфологиялык талдоону жүргүзүүнү 2-чейректе терендетем .

7 - классынын кыргыз адабияты сабагы боюнча анализи


Мугалим:Султаналиева Элмира Садырбековна

1- чейректе билим сапаты 51% болду.Бул чейректе акындардын ырларынан көркөм үзүндү жатташты.Окуучулар берилген тапшырмаларды кызыгуу менен аткарып турду.Прозалык чыгармадан бул чейректе бирөө гана болгондуктан окуучулар кызыгуу менен окуп келишти.Окуучулардын окуп тушүнүү ишмердүүлүгү ортодон жогору.Билим сапаты былтыркы окуу жылындагыдай болду,өзгөрүү жок.

**Милдеттеме:**Окуучулардын өз алдынча окуу ишмердүүлүгүн арттыруу менен окуп түшүнүүнү жакшыртуу керек.

| **№** | | **Мугалимдин аты, жону** | **предмети** | **Класс ы** | **2018-2019-окуу жылы** | | **Адм.текш** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | **2017-2018-окуу жылы жылдык** | **I чейрек** | |
| | | Султаналиева Э. | К- тили | 7 | 33 | 42 | |
| | | | К-адаб. | | 51 | 51 | |
| | | | К- тили | 5б | 27 | 36 | |
| | | | К-адаб. | | | 33 | |

Кыргыз тили жана адабияты сабактары боюнча билим сапатынын корсоткучу




Мектептин кыргыз тили,адабияты мугалими **Касмалиева Салтанат**, сабак берген класстары 8,9,10-класстар.

9-класс кыргыз адабияты:

Чейрек жыйынтыгы менен билим сапаты 32% тузду. Чейрек ичинде профессионал адабиятынын окулдору жана алардын кызыктуу прозалык чыгармалары отулуп, окуучулар сабакка кызыгуу менен мамиле кылышты .Отулгон темаларды окуучулар

толук оздоштурууго аракет кылышты. Откон окуу жылына салыштырмалуу озгоруу болгон эмес.

**Милдеттенме :**Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттыруу аркылуу билим сапатын жогорулатуу, сабаттуулукка ундоо.

9-класс кыргыз тили сабагы боюнча:

Жалпы жыйынтык менен билим сапаты 24%. Окуучулар менен чейрек ичинде байланыштуу кеп жана отулгондорду бышыктоо , жалпылоо сабактарын оздоштурдук.Бирок окуучулардын сабакка болгон конулкоштугу жана айрым окуучулардын сабатсыздыгынан улам билим сапаты томон корсоткучто болду.Салыштырмалуу озгоруу болгон эмес.

Милдеттенме: Окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттыруу жана сабатсыздыгын жоюу.

8-класс кыргыз адабияты боюнча:

Чейрек ичинде «Манас» эпосу жана манасчылар тууралуу маалымат берилип, эпостун негизги окуяларын терен талдоого багыт берилди.Эпосту окуучулар кызыгуу менен оздоштурду.Копчулук учурда энчилуу аттарды оздоштуруу окуучулар учун татаал болду ,ошон учун откон жылга салыштырмалуу томон корсоткучто болду.

**Милдеттенме:** Чыгармаларды онойлотуу жолу менен окуучулардынкызыгуусун арттыруу.

8-класс кыргыз тили сабагы боюнча:

Чейрек ичинде копчулук учурда бышыктоо жана жалпылоо сабактары отулду.Окуучулардын отулгонду оздоштуруусу орто,талдоо ишинде ото начар .Оз алдынча кептин стилдери боюнча машыгуу иштерин аткара алышпады.Окуучулар жазуу иштерин сабатсыз аткарышкан . Салыштырмалуу томон корсоткучто болгондуктан милдеттенме окуучулардын сабаттуулугун арттыруу учун жазуу иштерине басым жасоо

10-класс кыргыз адабиятысабагы боюнча:

32 Чейрек ичинде кол жазма адабиятынын окулдорунун чыгармачылык жолу менен кенен таанышуу болуп ,алардын поэзиясын толук оздоштурушту.Окуучулар берилген тапшырмаларды оз убагында так аткарышып,ыр жаттоо аркылуу корком айтуу чеберчилигин оздоштурушту. Салыштырмалуу озгоруу болгон , себеби окуучулардын саны туздон- туз таасир тийгизген.

10-класс кыргыз тили сабагы боюнча:


Окуучулар менен байланыштуу кеп боюнча бышыктоо жана жалпылоо сабактарын оздоштурдук.Анын ичинен публицистикалык стилдеги практикалык иштерди аткаруу окуучулар учун кызыктуу болду.Ар бир отулгондорду окуучулар жакшы оздоштурушту.

Милдеттенме: Практикалык иштерди байма- бай отуу аркылуу окуучуларды оз алдынча иштоого уйротуу,жашоодо колдоно билууго багыт беруу




| № | Мугалимдин аты, жону | предмети | Классы | 2018-2019-окуу жылы | | Адм.текш |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | 17-18-окуу жылы жылдык | 1чейрек | |
| | Касмалиева С | К- тили | 8 | 20 | 28 | |
| | | К-адаб. | | | 36 | |
| | | К-тили | 9 | 27 | 24 | |
| | | К-адаб. | | | 32 | |
| | | К-тили | 10 | 38 | 36 | |
| | | К-адаб. | | | 32 | |

Кыргыз тили жана адабияты сабактары боюнча билим сапатынын корсоткучу




**Кыргыз тили жана адабияты  мугалими Бейшекеева Перизат**

Сабак берген класстары: 6а, 6б

Кыргыз тили сабагы боюнча 6а-класс I чейректе билим сапаты 27 пайызды түздү. Текст түзүүнү, окуп түшүнүү, аналогиялык тапшырмаларды орто өздөштүрүштү. Кыргыз тилинин сөздүк курамына  кирген диалектилик, кесиптик, фразеологизм сөздөрдү жакшы өздөштүрүштү. 5-класс жылдык билим сапатына караганда бир аз төмөндөп кеткен.


6а-класс кыргыз адабияты сабагы боюнча: Кыргыз адабияты сабагынан I чейректе билим сапаты 30 пайыз болду. Бул чейректе элдик оозеки чыгармалардын элдик ырлары, каада-салт ырлары, армян ырлары, тамсилдер өтүлдү. Окуучулар кызыгуу менен окуп, ырларды жаттап, көркөм айтып берип жатышты. Мурунку жылдык билим сапат менен бирдей болуп калды. Өзгөрүү жок.

6б-класс кыргыз тили сабагы боюнча: I чейректе кыргыз тили сабагы боюнчабилим сапаты 32 пайызды түздү. Текст түзүү, тексттеги сүйлөмдүн байланыштуу жолдорун жакшы өздөштүрүштү. Кыргыз тилинин сөздүк курамы болгон диалектилик сөз, кесиптик сөздөр, неологизмдер, фразеологизмдерди өздөштүрө алышты.

6б-класс кыргыз адабияты  сабагы боюнча: Бул чейректе  кыргыз адабиятынан билим сапаты 36 пайызды түздү. Мурункуларга салыштырганда билим сапаты жогорулады, себеби өтүлгөн чыгармалар,ырлар, тамсилдер балдардын кызыгуусун жаратты. Жаттап келип, көркөм айтып берип жатышты.

| **№** | **Мугалимдин аты, жону** | **предмети** | **Классы** | **2018-2019-окуу жылы** | | **Адм.текш** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **17-18-окуу жылы жылдык** | **1чейрек** | |
| | Бейшекеева П | К- тили | 6а | 28 | 27 | |
| | | К-адаб. | | 30 | 30 | |
| | | К-тили | 6б | 30 | 32 | |
| | | К-адаб. | | 30 | 36 | |

Кыргыз тили сабагы боюнча билим сапатынын көрсөткүчү




Кыргыз тили жана адеп мугалими Усенбаева Бактыгүл сабак берген класстары: 5а-кл

Кыргыз адабияты 5а класс 1-чейрек

Кыргыз адабияты боюнча окуучулардын билим сапаты 38%. Бул чейректе дидактикалык чыгармалар, элдик жомоктор боюнча темалар өтүлдү. Окуучулардын окуп түшүнүүсү орто денгээлде. Айрым окуучулар шар окуй алышпайт. Ошондой болсо да, арасында жомокторго кызыккан окуучулар жок эмес.

Кыргыз тили 5а класс 1-чейрек

Кыргыз тили сабагы боюнча сөз айкашы жана сөз айкашынын байланышуу жолдорун, сүйлөм мүчөлөрү боюнча кошумча сабак өтүүгө туура келет. Ал эми сөз айкашынын байланышуу жолдорун жакшы өздөштүрүштү.

**Бакашева Чолпон** «мугалим» категориядагы мугалим, сабак берген класстары: **5а,5б.6,7а,б,8,9,,10,11**

5б класс 1-чейрек

5б класстын 1-чейректеги билим сапаты 36% болду. Ал эми жылдык пайзы 27% болгон. 1-чейректе көп болгонунун себеби жеңил темалар өтүлдү жана эки окуучу келди бул класска. Өтүлгөн темаларыбыз ат атоочтор, Present Simple, how many, how much, countable and uncountable nouns темалары өтө оор темалар эмес.

6б класс 1-чейрек

6б класстын 1-чейректеги билим сапаты 27% болду. Ал эми жылдык пайзы 30% болгон. 1-чейректе аз болгонунун себеби бир отличник окуучу башка жакка кеткенине байланыштуу. Ал эми өтүлгөн темаларыбыз Types of schools, object pronouns, have got, has got, so and such, Present Simple negative and questions.



7 класс 1-чейрек

7 класстын 1-чейректеги билим сапаты 33% болду. Ал эми жылдык пайыз дагы 33% болгон.1-чейректе өтүлгөн темаларыбыз Time out, free time, my study habits, present simple and past simple чактарынын бардык формалары.

8 класс 1-чейрек

8 класстын 1-чейректеги билим сапаты 30% болду. Ал эми жылдык пайзы дагы 30% болгон. 1-чейректе өтүлгөн темаларыбыз Time out, free time, my study habits, present simple and past simple чактарынын бардык формалары.

9 класс 1-чейрек

9 класстын 1-чейректеги билим сапаты 12% болду. Ал эми жылдык пайзы дагы 12% болгон. 1-чейректе өтүлгөн темаларыбыз present simple and present continuous чактарынын бир сүйлөмдө пайдаланышы, past simple and past continuous чактарынын бир сүйлөмдө пайдаланышы, a lot of , many, much, some, every, any атоочтору.

10 класс 1-чейрек


10 класстын 1-чейректеги билим сапаты 21% болду. Ал эми жылдык пайзы 18% болгон. 1-чейректе өтүлгөн темаларыбыз

TV and news, my news, hard reality темалары жана грамматиканы кайталоо болду.

| № | Мугалимдин аты, жону | предмети | Классы | 2018-2019-окуу жылы | | Адм.текш |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | жылдык | Iчейрек | |
| | Бакашева Ч | Чет тили | 5б | 27 | 36 | 22 |
| | | | 6б | 30 | 27 | 29 |
| | | | 7 | 33 | 33 | 26 |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | 8 | 30 | 30 | 30 |
| № | | | 9 | 12 | 12 | 30 |
| | | | 10 | 18 | 21 | 25 |

Чет тили сабагы боюнча билим сапатынын корсоткучу




**Башталгыч класстардын англис тили мугалими Сманалиева Айзат**

**Сабак берген класстары:3,3б,4а,4б,5а, 6а**

**5а-класс англис тили сабагы боюнча**Биринчи чейректин материалдары оор болгондуктан билим сапаты 25% Отулгон темалардан а /an артиклин жана Present Simple ды окуучулар жакшы оздоштурушту Былтыркыга салыштырмалуу быйылкы программа оор болгондуктан 1% томон болду

**6а-класс англис тили сабагы боюнча** 1 чейректе бул класс менен Have / has got этиштерин, Present Sipmle дын суроолу жана тангыч суйломдорун, Direct /Indirect толуктоочторун окуучулар жакшы оздоштурушту. Билим сапаты биринчи чейректе кайталоо болгондуктан былтыркыдай эле 28 % болду.

4а-класс англис тили сабагы боюнча 1 чейректе бул класс менен тамгаларды кайталадык My , your ат атоочторун пайдаланышын уйронушту . To be этишин уйронушту. Окуучуларга сабакты кызыктуурак отконго аракет кылдым . Ошондуктан билим сапаты 45% болду Былтыркыга караганда 12%ойдо болду

4б-класс англис тили сабагы боюнча 1 чейректе бул класс менен тамгаларды кайталадык. My your ат атоочторун пайдаланышын уйронушту. Былтыркы окуу жылына караганда , быйыл окуучулардын аракети жакшы . Ошондуктан былтыр 24% болсо быйыл 44% болду.


3а- класс англис тилин биринчи жолу отуп башташты. Бул чейректе саламдашканды, тамгаларды гана оттук. Булар окуучуларга кызык болду , аракеттенип окушту. Бирок башка тил болгондуктан окуучуларга ордук кылды.

3б класс англис тилин биринчи жолу отуп башташты. Бул чейректе саламдашканды, тамгаларды , My name is…озун тааныштырганды оттук. Окуучуларга сабак кызыктуурак отуш учун, оюндар жана карточкалар менен сабак отуп жаттым

| № | Мугалимдин аты, жону | предмети | Классы | 2018-2019-окуу жылы | Адм.текш |
|---|---|---|---|---|---|
| | | | | | |

| | | | | жылдык | Iчейрек | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | Сманалиева А. | Чет тили | 5а | 26 | 25 | 20 |
| | | | 6а | 28 | 28 | 28 |
| | | | 4а | 33 | 45 | 29 |
| | | | 4б | 24 | 44 | 30 |
| | | | 3а | | | |
| | | | 3б | | | |

**Англис тили сабагы боюнча билим сапатынын көрсөткүчү**




**№2 бирикмеде математика, физика сабактары боюнча мугалимдер эмгектенишет.**

**Математика жана информатика мугалими Алымбаева Светлана.**

**7 класс Алгебра**

1-чейректе туюнтмалар, тендештиктер, даражалар алардын касиеттери, даража менен амалдар, даражаны даражага которуу, болчокту даражага которуу ж.б темалар отулду. Отулгон материалдар боюнча окуучулардын билим сапаты 36% ти тузду.

**7 кл Геометрия**

Чекит, Туз сызык, Тегиздик, Геометриялык фигуралар, айлана, кесинди, кесинди менен болгон амалдар, сынык сызыктын узундугу темалар боюнча окуучулардын билим денгээли 39 % ти тузду.

**Алгебра 8 класс**

Рационалдык туюнтмалар , болчоктор, болчоктор менен амалдар кошуу кемитуу, кобойтуу, болуу . Сан барабарсыздыктар алардын касиеттери, кошуу, кобойтуу темалары боюнча окуучулардын Билим сапаты 39% болду.

**Геометрия 8-класс**

Торт бурчтуктар, параллелограмм, тик бурчтуктар, ромб, квадрат темалары боюнча окуучулардын билим сапаты 39 % ти тузду.

**10 –класс Алгебра**

Тригонометриялык функциялар жана графиктери, жуп жана так, осуучу кемуучу, мезгилдуу функ. р., Сан аргументтуу функциялар, синус косинус тангенс котангенс ф.ы алардын касиеттери, тескери функциялар боюнча темалар отулду окуучулардын билим сапаты 33% ти тузду.

**10 –класс Геометрия**

Мейкиндиктеги туз сызыктар жана тегиздиктер, параллель жана кайчылаш туз сызыктар. Туз сызык менен тегиз. н параллелдуулугу ж.б темалар боюнча окуучулардын билим сапаты33% ти тузду.

**Информатика 5 а класс**

Курчап турган дуйнонун обьектилери, обьекттердин катышы, алардын коптугу, классификациясы, системасы ж.б темалар отулду окуучулардын билим сапаты 30% ти тузду,

**Информатика 5 б класс**

Курчап турган дуйнонун обьектилери, обьекттердин катышы, алардын коптуктору, классификациясы, системасы ж.б темалар отулду окуучулардын билим сапаты 32% ти тузду,

**Информатика 6 а класс**

Компьютердин тузулушу, программалык жабдылышы, Алгоритм, алгоритм жана аткаруучулар, алгоритмдерди жазуунун формалары ж.б темалары боюнча окуучулардын билим сапаты 36 % ти тузду.

**Информатика 6 б класс**

Компьютердин тузулушу, программалык жабдылышы, Алгоритм, алгоритм жана аткаруучулар, алгоритмдерди жазуунун формалары темалары боюнча окуучулардын билим сапаты 33 % ти тузду.

**Информатика 7 класс**

1-чейректе Маалымат, касиеттери , турлору булактар., Маалыматты коддоо. Маалыматты олчоо бирдиктери . Информация процесстери темалар боюнча окуучулардын билим сапаты 42 % ти тузду. Окуучулар бул материалдарды кызыгуу менен жакшы оздоштурушту, билим сапаты 42% болду.

**Информатика 8 класс**


Эсептоо системасы Логикалык операциялар, Лог. элементтер Прикладдык чойронун ролу, Windows ПЧ , документтерди редактирлоо, форматтоо темалар отулду окуучулардын билим сапаты 42% ти тузду, отулгон материалдарга окуучулардын кызыгуусу жакшы ошол себептен билим сапаты жогору болду.

**Информатика 9 класс**

Компьютердик графика, растрдык жана вектордук график. Эски суротторду реставрациялооPhoto Shop гр редактору Лассо инструменти менен иштоо, Вектордук граф Corol Draw, инструменттер панели темалары боюнча окуучулардын билим сапаты 33% ти тузду.

| № | Мугалимдин аты, жону | предмети | Классы | 2018-2019-окуу жылы | | Адм.текш |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | жылдык | 1чейрек | |
| 1 | Алымбаева С. | алгебра | 7 | | 36 | |
| 2 | | геометрия | | | 39 | |
| 3 | | алгебра | 8 | 28 | 39 | |
| 4 | | геометрия | | 30 | 39 | |
| 5 | | алгебра | 10 | 31 | 33 | |
| 6 | | геометрия | | 30 | 33 | |
| 7 | | информатика | 5а | | 30 | |
| 8 | | информатика | 5б | | 32 | |
| 9 | | информатика | 6а | | 36 | |
| 10 | | информатика | 6б | | 33 | |
| 11 | | информатика | 7 | | 42 | |
| 12 | | информатика | 8 | 38 | 42 | |
| 13 | | информатика | 9 | 35 | 33 | |

Алгебра,геометрия жана информатика сабактары боюнча билим сапатынын корсоткучу




**Физика жана табяит таануу мугалими Абдыраимов Рахат**

Сабак берген класстары 11,10,9,8,7а,7б,5а,5б

11-класс Окуучулардын жетишүүсү негизинен жакшы, Физиканын эң негизги оор курстарынын бири «Электромагниттик кубулуштар» - курсун окуп жатышат. Эларалык терминдер менен айланган чоңдуктар менен таанышып жатышат. Билим сапаты физика сабагы боюнча I чейректе 35 пайызды түздү.

10-класстын билим сапаты физика сабагы боюнча 30 пайызды түздү. Окуучулардын жетишүүсү жакшы, билим сапатынын аз болуп калышы физика курсунун «Механика» - бөлүмү татаал, жогорку деңгээлде берилип жатканына байланыштуу. Негизинен турмуштагы механикалык кубулуштар тереңдетилип берилет.Маселе иштери, мисалдар көп.



9-класс физика сабагы боюнча билим сапаты жакшы. «Электротехниканын» негиздеринин башталышы механиалык физика менен байланышып жеңилдетип берилген. I чейректе окуучулардын өдөштүрүүсү негизинен жакшы болду. Ошол себептен билим сапаты 46 пайыз болду.

8-класстын билим сапаты 53 пайыз болуп, жакшы көрсөткүчкө жетишкендигинин себеби физиканын алгачкы курстары менен таанышып жатышат. I чейректе окуучулардын физикага кызыгуусу, өздөштүрүүсү жакшы болгондуктан жакшы көрсөткүчтөргө жетишишти.

7б-класстын билим сапаты 56 пайыз болсо, 7а-класстын билим сапаты 46 пайыз болду. Класс физиканын алгачкы курстары менен танышуу учурларын, турмуш менен байланыштырып жакшы өздөштүрүштү. Физика курсуна кызыгуусу жакшы болгондуктан окучулардын көрсөткүчү жакшы болду. 7а-класстын билим сапатынын аз болушунун себеби окуучулардын активдүүлүгү аз. Ошол себептен 46 пайызды түздү.

**№3-бирикмеде 7 мугалим эмгектенет.**

География сабагы боюнча 6а-класстын I чейректеги билим сапаты 30 пайыз болгон. Окуучулар жер жөнүндө билимдердин өнүгүшү карта боюнча түшүнүк алышты. Атлас, контур карта менен иштөөгө көнүгүп калышты.


6б-класс жер жөнүндө билимдердин өнүгүшү карта боюнча иштеп, түшүнүк алышты. Билим сапаты 27 пайызды түздү.

7-класстар география сабагы боюнча материк жана океандардын литосфералык түзүлүшүн, климаттык шарттарын, дүйнөлүк океан, жаратылыш зоеналарын салыштырып, карта менен иштей алышты.7-класстын билим сапаты 33 пайыз болду.

География сабагы боюнча 8-класстын билим сапаты 33 пайыз болду.Кыргызстандын физикалык географиясын өздөштүрүүдө окуучулар терминдердин таиаалдыгынан окуу китебинин илимийлүүлүгүнөн окуу китебинин илимийлүүлүгүнөн кыйналышты.
9-класс география сабагынан Кыргызстандын экономикалык жана социалдык географиясынын тармактары менен таанышышты. Өз алдынчалуулукка жана салыштыруулукка жана салыштыруу анализине басым жасалды. Билим сапаты 28 пайызды түздү.

| **№** | **Мугалимдин аты, жону** | **предмети** | **Класс ы** | **2018-2019-окуу жылы** | | **Адм.текш** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **1чейрек** | | |
| 1 | Жамгырчиева | География | 6а | 30 | | 30 |
| 2 | | | 6б | 27 | | 30 |
| 3 | | | 7 | 33 | | 30 |
| 4 | | | 8 | 33 | | 32 |
| 5 | | | 9 | 28 | | 30 |

География сабагы боюнча  билим сапатынын корсоткучу




**Химия, биология жана тарых  мугалими Иманалиева Динара**

8-класс химия сабагы боюнча билим сапаты  30 пайыз болду. 8-класс химия сабагы боюнча алгач түшүнүк алышып, молекулалар, атомдор, химиялык элементтер, алардын салыштырмалуу жана молекулалык массалык табуу, таза жана  аралашма заттар, валенттүүлүк, химиялык формуланы, теңдемени жазуу жана 2 практикалык иш болуп өттү. Окуучулар сабакка кызуу даярдык менен келип жатышты.

9-класс Химия сабагы боюнча билим сапаты 27 пайыз болду. I чейректе органикалык эмес бирикмелер, атомдун түзүлүшү, химиялык тең салмактуулук, эритемелер, эригичтик деген темалар өтүлдү жана көнүглүүлөр иштелип жатты. Окуучулар көнүгүү иштөөдө абдан кыйналышат.

10-класс химия сабагы боюнча I чейректе органикалык химия предмети, бутлеровдун теориясы, чектүү углеводдор, чексиз углеводдор, циклопарафиндер деген темалар өтүлдү. 1 практикалык иш жана көнүгүүлөр иштелип жатты. Көпчүлүк окуучулар түшүнбөй, билим сапаты 30 пайызды түздү.Окуучулар сүрөт тартып, таблицаларды толтуруп, теманы жакшы түшүнүүгө аракет кылышты.





Биология сабагы боюнча 7-класстын билим сапаты 33 пайызды түздү. I чейректе жаныбарлар дүйнөсү менен таанышуу, бир клеткалуу жаныбарлар, алардын түзүлүшү, көбөйүшү, салыштыруу, көп клеткалуу жаныбарлар, полип гидрасынан түзүлүшү деген темалар өтүлдү.

Биология сабагы боюнча 8-класстардын билим сапаты 39 пайыз болду. I чейректе адамдын табияттагы орду, клетка, ткань, нерв системалары, ички секреция бездери, гумордук жөнгө салуу, сезүү, көрүү, угуу органдары деген темалар өтүлдү. Окуучулар сүрөт жана таблицалар менен иштеп, теманы жакшы түшүнүүгө аракет кылышты.

Биология сабагы боюнча 9-класс I чейректе тиричиликтин негизги белгилери, жандуулардын химиялык составы, нуклеин кислоталары, тукум куучулук, клетканын түзүлүшү, прокориоттук жана эукариоттук клеткалар деген темалар өтлдү. Бир лабороториялык деген темалар өтүлдү. Бир лабороториялык иш болду. Окуучулар таблицалар толтуруп жатышты. Билим сапаты 36 пайызды түздү.

Биология сабагы боюнча 10-класс I чейректе организмдердин классификациясы, клетканыны түзүлүшү, клетка теориясы, прокариот клеткалары, клетканынын химиялык курамы, органикалык эмес заттар деген темалар өтүлдү. Таблица толтуруп, сүрөттөрдү тартып жатышты. Билим сапаты 36 пайызды түздү.

| **№** | **Мугалимдин аты, жону** | **предмети** | **Классы** | **2018-2019-окуу жылы** | | **Адм.текш** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | **1чейрек** | | |
| 1 | Иманалиева Д | Биология | 7 | 33 | | 25 |
| 2 | | | 8 | 39 | | 29 |
| 3 | | | 9 | 36 | | 27 |
| 4 | | | 10 | 36 | | 28 |
| 5 | | Химия | 8 | 30 | | 36 |
| 6 | | | 9 | 27 | | 30 |
| 7 | | | 10 | 30 | | 33 |




№4 Башталгыч класстар усулдук бирикмесинде 7 мугалим эмгектенет

4 «А» классынын кыргыз тили сабагы боюнча анализи

Мугалими: Джаманкулова Салиха Омурбековна

I чейректе билим сапаты 33% ды түздү. Бул чейректе окуучулар тексттин түрлөрү, сүйлөм мүчөлөрү, жөнөкөй жана татаал сүйлөм, төл жана бөтөн сөз деген темаларды өздөштүрүүсү орто. Айрым окуучулар жакшы өздөштүрө албай, баалары төмөндөгөн. Жылдыкка салыштырмалуу билим сапаты 9% га төмөндөгөн.




Миледттенме:

1. Окуучулардын каллиграфиясына көбүрөөк көнүл буруу;
2. Кыргыз тилинен жетишпеген окуучуларга  кошумча тапшырмаларды берүү;
3. Талдоо иштерине басым жасоо.

Ал эми математика сабагы боюнча анализи I чейректе билим сапаты 39% ды түздү. Окуучулар арифметикалык амалдарды аткарууну, тендеме чыгарууну, чен бирдиктерди ирилетүүнү, сан үлүштөрүн табууну, номерлөөнүн ондук системасы менен иштөөну жакшы өздөштүрө алышты. Билим сапатында өзгөрүү болгон жок.

Милдеттенме:

1. Математика сабагынан жетишпеген жана жакшы өздөштүргөн балдарга кошумча тапшырма берүү;
2. Чен бирдиктерин туура майдалоого, ирилетүүгө багыт берүү;

4 «Б» Классынын математика сабагы боюнча анализи

Мугалими: Абдыраимова Чынара Мокушевна

Математика сабагын окуучулардын бардыгы жакшы көрүү менен окушат. Сабакка активдүү катышышат. Окуучуларга программаны түшүнүү женил болду. Анын ичине 12 окуучу «5» жана «4» деген баага татыктуу болду. Ал эми 13 окуучу «3» деген баа алгандыктан 48% болуп калды.




Милдеттенме:

1. Өтүлгөн материалдарды интерактивдүү методдор менен иштетүү;
2. жетишпеген жана жакшы өздөштүргөн окуучуларга кошумча тапшырмаларды, көнүгүүлөрдү иштетүү

Ал эми кыргыз тили боюнча окуучулардын өздөштүрүүсү жакшы. Өтүлгөн темалар 3-класстын программасын кайталоо болгондуктан женил, эн жакшы өздөштүргөн 10 окуучу, калган 15 окуучу орто болгондуктан билим сапаты 10% ды түздү.

Милдеттенме:

1. Окуучулардын кол жазмасына көңүл бурууга;
2. Кыргыз тилинен жетишпеген окуучуларга кошумча тапшырмаларды берүү.
3 «А» классынын кыргыз тили сабагы боюнча анализи
Мугалими: Абдылдаева Асел Курманбековна

Кыргыз тилинен 1-чейректе билим сапаты 28 % түздү.Бул чейректе созулма үндүүлөр,катар келген үнсүздөр, муундун түзүлүшү жана түрлөрү,сөздүн мүчөлөрү жана түрлөрү,уңгулаш зат атооч,сын атооч,сан атооч,этиштерди өттүк.Окуучулар бул темаларды өздөштүрө алышты.



Милдеттенме:
1. Окуучулардын кол жазмасына көңүл буруу.
2. Кыргыз тилинен жетишпеген окуучуларга кошумча тапшырмаларды берүү.

Ал эми математика сабагынан 1-чейректин билим сапаты 33 % түздү.Чейрек башында 2-класста өтүлгөндөрдү кайталашты.Төрт орундуу сандар,тегерек ондуктар, жүздүктөр,миңдиктер,фигураларды тамга менен белгилөө, периметр,тегерек жана айлана деген темаларды өздөштүрө алышты.

Милдеттенме:
1. Математика сабагынан жетишпеген балдарга кошумча тапшырма берүү.
2. Көбөйтүүнүн жадыбалдарын жаттатуу.
3 "Б" классынын математика сабагы боюнча анализи
Мугалими: Давлетова Майрам Абдырасулловна

Математика сабагынан 1-чейректин билим сапаты 36% ды түздү. Окуучулар сандарды разрядга ажыратууну, тегерек миндиктер менен болгон амалдарды аткарууну, сандарды салыштырууну, фигуралардын периметрин табууну, айлананын радиусун, диаметрин табууну, айланын чийүүнү үйрөнүштү. Окуучулар математика сабагын өздөштүрүүсү орто. Бир эле окуучунун чейррек баасы "5" болгон, ал эми 11 окуучунун чейрек баасы "4" чыкты.

Милдеттенме:
1. Математика сабагын жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен жекече иш алып баруу
2. Жадыбал жаттатуу, көп орундуу сандар менен болгон амалдарды көп аткаруу.
3 “Б” классынын кыргыз тили сабагы боюнча анализи
Мугалими: Давлетова Майрам Абдырасуловна

Кыргыз тили сабагынан билим сапаты 27% ды түздү. Бул чейректе окуучулар сөз ичиндеги катар келген үнсүздөр, йоттошкон тамгалар, сөздөрдүн муунга бөлүнүшү, унгулаш сөздөр, сөз түркүмдөрү деген темаллар менен таанышышты. Айрым окуучулар жакшы өздөштүрө алышкан эмес. Кыргыз тилинен 1-чейрекке “5” алган окуучу болгон жок, ал эми 9 окуучу “4” деген баага татыктуу болушту.

Милдеттенме:
1. Окуучулардын каллиграфиясына көнүл буруу.
2. Кыргыз тилинен жетишпеген жана жакшы өздөштүрө алган окуучулар менен иш алып баруу, кошумча тапшырмаларды берүү

2-классынын кыргыз тили сабагы боюнча анализи
Мугалими: Айбашова Чынар Акжолтоевна

Окуучулар математика сабагынан 1-чейректе ар кандай санга санды кошуп сумманы табууну жана ар кандай сандан санды кемитип айырманы табууну оздоштурушту. Кошуунун жадыбалын жатташты. Маселени окуп тушунуп маселенин шартын тузуп, суроосун коюп,чыгарып жообун жазганды оздоштуро алышты.Коп бурчтуктардын периметрин тапканды уйронушту.




Жалпысынан алганда 2-класстын окуучуларынын математика сабагынан билим сапаты ортодон жогорураак.
Класста математика сабагынан жетише албаган окуучулар бар.
Алар: Айтышев Каниет,Бердибеков Алихан, Акмазияев Гулжигит.
Бул окуучулардын жетишпеген себептери: тапшырма аткарып келишпейт,уйдон ата-энелери карашпайт.
Милдеттеме: 2-чейректе ата-энелер менен иштоону кучтондуруу.
2-классынын кыргыз тили сабагы боюнча анализи
Мугалими: Айбашова Чынара Акжолтоевна
Создордон ундуу,унсуздорду ажыратууну оздоштурушту.
Айрым конугугуудо берилген суротторго карата суйлом тузуп,ал суйломдорду дептерлерине жаза алышат.
Таза, сулуу тамгаларды элементи менен жазганга аракеттенишет.
Милдеттеме: ундуу жана унсуздорду табууга карата конугуулорду коп иштоо.
1 «А» классынын алиппе сабагынан анализи
Мугалими: Мусаева Калыйман Султановна
Окуучулар өз оюн эркин айта алышат. кабыл алуусу, көнүл буруусу, эске тутуусу жакшы.
1-чейректе 14 тыбышты өтүштү. Бул тыбыштарды баары билишет.
Математика сабагына анализи

Буюмдардын касиеттерин, түсүн, формасын, салыштырып, атын айтышат. 1 ден 5ке чейинки сан катарын, иретин билишет. Чон, кичине белгилерин билишет. Кошуу амалын билишет. Сумманы табуу ыкмасын билишет.

1 «Б» классынын алиппе сабагына анализи

1-чейректе «Мекеним Кыргызстан», «Мектеп», «Класс», «Үй-бүлө», «Жол» деген жана башка бөлумдөр өтүлдү. Бардык бөлүмдөрдү өздөштүрө алышты. Тыбыштардан «А а» дан «Д д» тыбышына чейин он төрт тыбыш өтулдү. Баары муундап шар окуй алышат.

Математика сабагына анализи

1-чейректе нерселердин касиети, түсү, формасы, заты, канчага аз, канчага көп деген түшүнүктөрдү үйрөнө алышты. Салыштыруу, кошуу амалдары өтулдү. 5ке чейинки сандарды санап жана жаза алышат. кошуу амалын аткара алышат.

**Башталгыч класстардагы окуу техникасынын жыйынтыгы:**

| № | Башт.кл.мугалимд.аты,жону | классы | Окуу техн.% |
|---|---|---|---|
| 1 | Төлөева А | 2а-кл | 35 |
| 2 | Абдылдаева А | 2б-кл | 30 |
| 3 | Ташкеева К | 3а-кл | 31 |
| 4 | Мусаева К | 3б-кл | 31 |
| 5 | Давлетова М | 4-кл | 39 |

Ар бир метод.бирикменин иш планы бекитилип, оз убагында отурумдар ар турдуу темаларда, багыттарда отуп турат.

Ар кандай кароо-сынактарга да мугалимдер активдуу катышып турушат. Мектепте жалпы билим беруу «Билимин колдоно билген, ар тараптан онуккон инсандарды тарбиялоо» проблемасынын негизинде иш алынып барылууда.

Быйылкы окуу жылында былтыркыдай эле биздин мугалимдер ар кандай билим берууну жакшыртуучу критерийлердин негизинде толтуруп, мугалимдерге стимул боло турган жогорулатылган айлык акыларды алып турушат.

Ар бир предмет боюнча ачык сабактар оз убагында отулуп, сабактын структурасы,этаптары, максаттары ж.б тууралуу кенири талкуулар метод бирикмелердин кенешмелеринде, методсоветтин кенешмелеринде каралып турду жана сабактардын жетишкендиктери менен кемчиликтери метод бирикмелердин отурумдарында талкууланып, сунуштар айтылды.Ушуга жараша стим фонддо баллдар берилет.

Окуучулар менен иш алып баруу учун ар бир ай боюнча айлык план тузулгон, ар бир иш чаранын жыйынтыгы чыгарылып турат.

Класстык журналдардын толтурулушу, кундолуктордун текшерилиши, мугалимдердин кундолук планынын толтурулушу окуу завучу тарабынан контролдукка алынган. Алфавиттик китепче толукталып жазылып чыккан.

Башталгыч класстарынын мугалимдеринин да, орус тил, чет тил, математика сабактарына катышып, сабактардын структурасы, типтери, сабактын максаттарын коюу боюнча кенештер берилди.

Сентябрь айында кыргыз тил жумалыгы отуп, кыргыз тилин сактоо, байытуу жонундо, кыргыз орфографиясынын жаны эрежелери тууралуу отурумдар отту.

Бардык класстардагы жазуу иштери, тест боюнча дептерлердин абалы текшерилди.

Бардык журналдар ай сайын текшерилип, кетирген кемчиликтерди жоюу боюнча сунуштар айтылып, көзөмөлгө алынып турду. Текшеруу иштерди алуунун графиги алынып, окуу завучу контролдоп турду.

## IV. Мектептеги ички көзөмөл.

Ички козомолдун планы да тиешелуу аткаруучулар аркылуу ишке ашып турат. Бул дагы директор, завучтун козомолундо.

Ички козомолдогу корсотулгон иш-чаралар толугу менен аткарылды. ***Сентябрь.*** 1-11-класс комплектование болду. Тарификация айдын ортосунда бутту. ОШ-1 убагында тапшырылды. Мугалимдердин календардык пландары айдын аягына чейин бекитилди. Китепканадан окуучуларга китептер таратылды. 1-11-класстарда – 71,8% камсыз болду. Ар бир класста ата-энелер чогулулушу отулуп, ата-энелер комитеттери шайланды. Класстык журналдар толтурулуп, бекиттирилди, класс жетекчилерге кенештер айтылды. Балдардын ден соолугу врач тарабынан текшерилип, журналдын ден соолук барагы толтурулду.

***Октябрь.***. Класс кабинеттердин жабдылышы жана санитардык абалы каралып чыкты, бардык кабинет башчыларына оформлениени толуктоо сунушталды. Класстык журналдар текшерилип, тиешелуу мугалимдерге кемчиликтер эскертилди. Башталгыч класстардагы окуу техникасы текшерилип, окуу техникасын остуруу боюнча кенештер берилди. Бардык класстардагы жазуу иштери, тест боюнча дептерлердин абалы текшерилди.

Ушул жыйынтык менен 1-чейректи аяктап, 2-чейректин милдеттери аныкталууда.